# Herbalife Көз карандысыз Өнөктөшүнүн статусу жөнүндө негизги маалымат

## Кантип Көз карандысыз Өнөктөш болуу керек?

Көз карандысыз Өнөктөш болуу үчүн Көз карандысыз Өнөктөштүн Топтомун (2 975,00 сом) гана сатып алуу керек. Кошумча милдеттүү сатып алуулардын зарылчылыгы жок.

Herbalife Көз карандысыз Өнөктөшү болуу менен, Сиз:

- Herbalife® өнүмдөрүн жеке колдонуу же үй-бүлө мүчөлөрүңүздүн колдонуусу үчүн арзандатуу менен сатып аласыз.
- Чекене киреше алуу үчүн кардарларга Herbalife® өнүмдөрүн сатасыз. Мисал оң тарапта берилген:
- Жеке колдонуу же кардарларга сатуу үчүн Herbalife® өнүмдөрүн сатып алууну каалаган жаңы Көз карандысыз Өнөктөштөрдү тартып, Herbalife компаниясынан алардын ишинин жыйынтыктары боюнча сатуулардан сый акы аласыз.
- Сиз жаңы Көз карандысыз Өнөктөштөрдү тартуу жана демөөрчүлүк кылуу менен гана алектенип киреше **ала албайсыз**.



| | |
|---|---|
| Сунушталган чекене баа | 2 402,00 сом |
| Көз карандысыз Өнөктөштүн баасы *(жеткирүү баасын жана салыктарды эсепке алуусуз баштапкы арзандатуу менен)* | -1 855,00 сом |
| **Мүмкүн болуучу киреше** | **547,00 сом** |

2022-жылы көпчүлүк Көз карандысыз Өнөктөштөр арзандатуу менен жек жеке колдонуу үчүн, же кардарларга чекене сатуу үчүн Herbalife® өнүмдөрүн сатып алуудан гана пайда алышты. Жыйынтыгында типтүү Көз карандысыз Өнөктөш Herbalife компаниясынан башка Көз карандысыз Өнөктөштөрдүн сатууларынан кандайдыр бир сый акыларды алган жок.

## Көз карандысыз Өнөктөш типтүү айда канча табышы мүмкүн?

2022-жылы бул статуска ээ болгон Көз карандысыз Өнөктөштөрдүн саны кеминде 1 жыл ичинде 1 986 217 адамды түздү. Типтүү айда 388 518 Көз карандысыз Өнөктөш Herbalife компаниясынан сатуулардан сый акы алышкан жана Көз карандысыз Өнөктөштөр негизинен жылына 9 айда иштеп табышкан. Төмөндө чыгашаларды эсепке алуусуз, Herbalife компаниясы төлөгөн сый акыларды жана АКШдагы сатуулар боюнча иш жүзүндөгү маалыматтардын негизинде моделденген чекене кирешени баалоону кошо алганда, типтүү айда алынган Көз карандысыз Өнөктөштөрдүн кирешелери берилген:

| |
|---|
| **50% айына 12 371 сомдон көп табышкан** |
| **ТОП 10% айына 114 701 сомдон көп табышкан** |
| **ТОП 1%* айына 880 989 сомдон көп табышкан** |

Бизнестен киреше кепилденбейт. Айрым Көз карандысыз Өнөктөштөр ийгиликке жетет, ал эми айрымдары жок. Башка бизнес сыяктуу эле ийгилик үчүн максатка умтулгандык, талбаган эмгек жана көндүмдөр керек.

*2022-жылы ТОП 1% Көз карандысыз Өнөктөштөр үчүн Herbalife менен бизнес жүргүзүү мөөнөтү 5тен 10 жылга чейин түзгөн.

## Herbalife менен бизнес мага ылайык келбесе эмне кылуу керек?

- Сиз Herbalife менен Келишимди каалаган учурда буза аласыз. Эгерде Сиз Келишимди аны түзгөн учурдан тартып 90 күн ичинде бузсаңыз, Сиз Herbalife Көз карандысыз Өнөктөштүн Топтомунун баасын толук ордун толтурууну ала аласыз.
- Эгерде Сиз Келишимди бузсаңыз, Сиз акыркы жыл ичинде сатып алган, товардык түрүн сактаган өнүмдөрдү кайтарып бере аласыз жана алардын баасын толук аласыз. Компания жеткирип берүүнү дагы төлөйт.
- Кошумча маалыматты төмөндөгү телефон аркылуу алсаңыз болот +8 7272-759030.

**КӨЗ КАРАНДЫСЫЗ ӨНӨКТӨШТӨРДҮН 2022-ЖЫЛДАГЫ ТИПТҮҮ КИРЕШЕЛЕРИ ЖӨНҮНДӨ ЭЛ АРАЛЫК ОТЧЕТ**

Баалар жарыялоо учурунда жарактуу жана өзгөрүшү мүмкүн.

Kyrgyzstan - Published: 05-Oct-2023

Herbalife